УДК 159.922.4(=512.154)

# ЭТНОПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ ЛИЧНОСТНЫЕ ОСОБЕННОСТИ КЫРГЫЗОВ КАК ФУНДАМЕНТ СТАНОВЛЕНИЯ СМЫСЛОЖИЗНЕННЫХ ОРИЕНТАЦИЙ

***А.И. Сулайманова, Г.Н. Байтерекова***

Рассматриваются этнопсихологические особенности кыргызов, заложенные в традициях кыргызского народа, способствующие позитивному становлению смысложизненных ориентаций.

*Ключевые слова:* смысл жизни; традиции; архетипы; сознание; коллективное бессознательное; кыргызы.

# ETHNOPSYCHOLOGICAL PERSONALITY FEATURES OF THE KYRGYZ PEOPLE AS A FOUNDATION FOR FORMATION OF SENSITIVE ORIENTATIONS

***A.I. Sulaimanova, G.N. Baiterekova***

The article considers ethnopsychological features of the Kyrgyz people, incorporated in the traditions of the Kyrgyz people, contributing to the positive development of meaningful orientations

*Keywords:* meaning of life; traditions; archetypes; consciousness; collective unconscious; Kyrgyz.

Теманын актуалдуулугу ушул кездеги, кыргыз элинде болуп жаткан жагдайда. Акыркы жылдарда глобалдашуу күчөгөн шартта, кыргыз элинин эң жогорку максаты, анын жашоо маңызы, баалуулуктары эмнеде деген кызыгуу байкалып турат.

Изилдөөдө кыргыз элинин маданияты тарыхый жолдору К. Юнгдун архетиптер деген билимине таянуу менен анализделген. К. Юнгдун оюу боюнча, миңдеген жылдар бою өнүккөн психиканын түзүлүшү тукум куума болот (наследуемая структура). Биздин ойго, сезимге, кылган ишке таасир эткен нерсени К. Юнг архетиптер деп атаган. Архетип бул коллективдүү акылдан тыш, аңсыз деген мааниге ээ [1].

Макалада кыргыздын укумдан–тукумга өтүп келе жаткан адаты, каада-салты, жашоо-тиричилиги, ой-тилеги мифологиялык, поэзиялык призма аркылуу каралган.

Изилдөөнүн максаты – кыргыз элинин этнопсихологиялык өзгөчөлүгүн белгилеп, улуттун руханий байлыгынан, эң негизги архетиптердин арасынан, элдин жашоо маңызы эмнеде экенин аныктоо. Азыркы заманда кыргыз элинин алдында турган маселе – бул жалпы эл аралык масштабда өзүнүн ордун табуу [2].

Бул турган маселе элдин өз мүдөөсүн жана идеалын учурдун талабына тууралоодо. Элдин көбүнүн аң сезими, дүйнөгө болгон көз карашы мифологиялык деңгээлден жогору көтөрүлбөйт. Тарыхый шарттар кыргыз элинин ой жүгүртүүсүн өтө кескин түрдө өнүгүүгө мажбурлады. Ошондуктан бул маселени психологиялык жактан түшүнүү талап кылынат: 1. кыргыздардын маданиятындагы негизги архетиптерди системага салуу; 2. кыргыз элинин маданиятын талдоо. Элдин маданияты – бул анын дүйнөгө көз карашы менен психикалык иштеринин курамы болот. Архетиптүү түзүлүш, биринчиден, калктын маданиятына таасир этет, экинчиден элдин социалдык уюштурулуусун, өнүгүү потенциалын аныктайт [2].

Кыргыздар – Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири. Кылымдар бою өз эркиндигин, көз карандысыздыгын коргоп келген. Кыргыздар тарыхта ким болгондугун, анын басып өткөн жолун азыркы учурда изилдөөгө ыңгайлуу шарттар түзүлүүдө. Элибиз башынан кечирген окуяларды, жашоо-турмушун оозеки чыгармаларда чагылдырып, урпактар үчүн сактап келген. Оозеки чыгармалар сакталып, кийин кагаз бетине жазылгандыгы, ушул күнгө чейин жетип тургандыгы – бул элдин сөзгө, кепке, окуяларга чоң маани бергенин тастыктап турат. Элдин оюн, психологиясын, турмуш-тиричилигин, үрп-адаттарын, эмнелер менен күн көргөндүгүн оозеки чыгармалардан биле алабыз (Манас, Семетей, Сейтек, Эр төштүк, Курманбек, Жаныш–Байыш эпостору).

“Акылман кеби күн батырып, тамаша кеби таң аттырган” кыргыз элинин тили, сөз–байлыгы өнүгүп, өркүндөп, келечек урпактарга руханий байлык, улуттук дөөлөт катары сакталды [3]. Ушунун баары кыргыздын ички дүйнөсүнүн байлыгын, акылмандыгын айгинелейт.

Сөз баккан кыргыз эли, жалпы көлөмү жырым миллион ыр сабынан турган “Манас” эпосу менен дүйнөгө белгилүү. Эпос кыргыз элинин чыныгы турмушун кеңири чагылдырып, таамай сүрөттөгөн. Бул дастандан элдин ошол доордогу көз-карашын, дүйнөгө болгон көз карашын, ар кандай түшүнүктөрүн, ишенимдерин көрө алабыз. Дүйнөдө теңдеши жок “Манастай” дастанды жараткан – кыргыз тили. Элди түбөлүк эл кылып турган – бул анын тили деп айтылат [4].

Улуу филолог В. Гумбольдт айткан: “Элдин тили – анын руху, моралдык күчү. Эгерде эне тилибизди унутсак, элдин руху азап тартат. Ошону менен элдин моралдык күчү, жаңы ооруга чалдыкса, ал адамдын жан дүйнөсүнүн жакырдыгына алып келет” [5]. Ошондуктан, кыргыз эли этнос катары тириликте калыш үчүн, өз тилин, эне тилин сакташы керек. Элибиздин тил жөндөмдүүлүгү – кыргыздын байлыгы жана негизги мүнөздөмөсү. Тил менен ой жүгүртүү, тил менен маданият биримдикте болот. Кыргыздын сөз байлыгы өтө жогору, кыргыздын сөзү абдан терең, курч. Эмне үчүн “Манас” дастаны кыргыз тилинде жаралган? Анткени кыргыз эли каада-салтын, адеп-ахлагын, жашоонун маңызына арналган идеяларын, биримдикти, акылмандыкты, айкөлдүктү сөз аркылуу чагылдырып, урпактарга мурастаган.

Кыргыздын ой жүгүртүүсү архетип катары азыркы замандагы кыргыздардын аң-сезиминде уланып жатат.

Кыргыз эл көчмөн эл болгондуктан, жаратылыш менен айкалышып жашаган. Табиятка жакындыгы, жаратылышка өтө көз карандылыгы, кыргыздардын дүйнөгө болгон көз карашы, ишеними, билимдери, айлана-чөйрөгө аяр мамилеси көчмөн турмуштун философиясына негизделген. Кыргыздын ой жүгүртүүсү дайым өзгөрүп турганы менен, башка элдердикинен айырмаланып турат. Көчмөн эл болуп, шарттын өзгөрүлүшүнө ар дайым даяр элдин ой жүгүртүүсүндө космоцентризм басымдуулук кылат, анткени көчмөн эл жаратылыштын кучагында жашап, өзүн жаратылыштын бир бөлүгү катары сезип-туюп, аны коргоого, аны менен гармонияда жашоого умтулган [6].

Кыргыздын ишеними Теңирчилик болгон. Ата-бабанын күндөлүк турмушунда жүрүм-турумун жөнгө салууга Теңирчилик чоң роль ойногон. Теңирчилик бул кыргыздын жашоосун бир түрү, дүйнө түшүнүгү. Укумдан–тукумга өтүп келе жаткан адатка, каада–салтка, тилине, маданиятка Теңирчилик терең сиңип, кыргыздын тиричилик жолу болгон [7].

Жаратылыш менен шайкештикте жашаш үчүн, турмуштары кырсыктарга кабылбаш үчүн кыргыздар Асманга, Күнгө, Жерге сыйынган. “Теңир жалгаган”, “Теңир дем берген” деп жашап келген. Укумдан тукумга өтүп, бул образ, символдор азыркы доордо кыргыз маданиятынын өзгөчөлүгүнүн – архетипин түздү [2].

К. Юнгдун теориясы боюнча, ар бир элде белгиленип алынган образ–архетиптер бар: акылман абышка, жер-эне. Бул образдарды азыркы заманда майрамдык иш-чараларда байкасак болот (Нооруз).

Кыргыздар миңдеген жылдар бою бийик тоолорго, жакын тунук асманга, Теңир–Асмандын күчүнө ишенип келген [7].

Кыргыздар көчмөн эл болгондуктан, элдин жашоосунда уруулар зор роль ойноогон, ата–бабасынын баркын кетирбей, намыстанып, үлгүлүү баалуулуктарды калтыруу багытында жашашкан.

Гендердик теңдикти демилгелеп, кыргыздар аялдын социалдык ролун баалап, эркекке акылдашып, кеңешкен аялдын ой-пикирине маани берчү. Аял эркекти үй-бүлө башы деп, атанын ролун сыйлап, көтөрмөлөчү. Кыргыз элинин аң-сезиминде сакталган ушул этика эрежеси эркек менен аялдын ортосунда болгон балансты түзгөн.

Советтик мезгил учурунда кыргыздардын улуттук философиясы, улуттук каада–салттарынын көбү унутулду. Илим, билим, бүт керектүү маалыматтар орус тилинде берилип, кыргыз тили, мурунку нукура тили жоголо баштаган. Доор алмашып жаткан учурда баалуулуктарды сактап калуу жана ар дайым өзгөрүлүп турган жалпы жашоо ритмине кирүү өтө кыйын. Азыркы доордо кыргыз эли эгемендикке жетип, коомдун жаңы шарттагы өнүгүүсүндө жашоонун маңызы эмнеде экендигин аныктап жаткан учуру. Кыргыз эли тарыхын туура баалап, өзүнчө психоанализ жүргүзүүдө. Кыргыз ата–бабасына космостон берилген акылмандыкты сактай билип, руханий жаңыланууга умтулуп, ар бир кыргыздын акыл–эсин ойготуп, намысын жандандыруу керек. Материалдык байлыктын артынан түшүү адамдын руханий абалына таасир этет, адамдын инсандык касиети начарлайт [8].

Кыргыз элине эң жооптуу миссия жүктөлгөн. Ал Манас түшүнүгүнөн келип чыгат, анда Манас – акыл-эстин символу, Космостун берген дарамети катары каралат [7]. Ошондуктан, кыргыз эли башатына кайрылып, ата-бабанын тарыхый жолун улантуусу оң.

Кыргыздын жашоо маңызы анын улуттук философиясында белгиленген. Жаш муунду

тарбиялоодо, тарыхка, улуттук философияга таянып, жаңы багыт иштеп чыгуу, кыргыздын жакшы сапаттарын сиңдирүү иштери зор мааниге ээ [9].

**Жыйынтык:** Изилдөөнүн негизинде, кыргыздын этнопсихологиялык өзгөчөлүгүн анализдеп, корутунду жыйынтыкка келдик. Кыргызды кыргыз кылып турган бир нече архетиптүү түзүлүштөр бар экендиги – ал ата-бабасынан келаткан инсандык сапаттар, касиеттер: 1. балалык кезден жети атасын билүүгө үйрөтөт. Ата-бабасынын жашоосун анализдөө, алардын инсандык касиеттерин, жакшы сыпатын, жөндөмүн көрүү, кийинки тукумдун өнүгүшүн белгилөө – бул ар бир кыргыздын милдети; 2. меймандостук – бул сапат өзгөчө кыргыз элине таандык. Илгери эле алыстан келген мейманды “кудай-конок” деп өтө сыйлап, керек болсо атын берип жөнөтүшчү; 3. кыргыздар кайраттуулугу, эрдиги менен белгилүү эл. Эркиндик, адилеттик үчүн өз жанын бергенге даяр эл; 4. улууларды сыйлоо, кадырлоо, аксакалдар менен кеңешүү – тарбиянын эң негизги элементи; 5. үй-бүлөгө камкордук көрүү. Үй-бүлө ар бир кыргыздын байлыгы. Үй-бүлөдө гана бала дүйнө тааныйт. Ата-эненин негизги милдети балага туура багыт берип тарбиялоо; 6. мекенди сүйүү. Өз туулган жерин ар бир кыргыз ыйык көрөт, сыймыктанат; 7. аялзатынын теңдиги. Кыргыз аялзаты илгертен бери өзүнүн кайраттуулугу, эрдиги менен белгилүү; 8 сабырдуулук, достук, биримдүүлүк, мээримдүүлүк, боорукерлик – кыргыздын эң негизги моралдык багыты, дүйнөнү таануу философиясы.

Жогоруда аталган касиеттер кыргыз элинин мүнөзүн – менталитетин түзөт. Менталитет – бул кыргыздын психикалык жашоо өзгөчөлүгүнүн системасы, дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө кабылдоосу, аң-сезим түзүлүшүнө кандай шарттар таасир эткени [10]. Кыргыз менталитетинин түзүлүшүнө жери, жашоосу, климаттык шарттары, тарыхый баскычтары, маданияты, адеп-ахлагы, ишеними таасир эткен.

Оозеки чыгармаларын изилдеп, кыргыздын ички дүйнөсүнүн байлыгын, акылмандыгын аныктадык. Тил жөндөмүн, сөз байлыгын “Манас” эпосунан байкадык. “Манас” дастанынан кыргыз элинин баатырлыгын, таза жан дүйнөсүн, адамкерчилигин, намыскөйлүгүн, ай-көлдүгүн көрсөк болот. Бул сапаттарды кыргыздын атрибутикасы деп атасак болот.

Кыргыздардын жашоосунун маңызы – мына ушул сапаттарды сактай билүү. Жаратылыш менен гармонияда жашап кыргыз космос энергиясы менен азыктанып, жан дүйнөсүнө таза маалымат алып, адамдык улуу касиеттерге ээ болгон. Азыркы “цивилизациясы” Улуу космостун ырыскысына жетпейт. Цивилизациянын жетишкендиги – аң-сезимди кеңейтип, ааламдын дүйнөсүн көрүү. Ошондуктан азыркы шартта кыргыздар эл катары жер жүзүндө өзүнчөлүгүн жоготпоого тийиш. дейбиз.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. *Юнг К.Г.* Психология бессознательного / К.Г. Юнг. М.: Канон, 1994
2. *Куватова Ж.О.* Архетип кыргызкого эпоса: их роль в прошлом и настоящем национальной культуры: автореф. дис. ... канд.филос. наук:09.00. 98 / Ж.О.Куватова. Бишкек, 2001. 22с.
3. *Сыдыкбеков Т.* Күлкү жана өмүр / Т. Сыдыкбеков // Повесттер, аңгемелер. Ф.: Адабият, 1988. 623 б.
4. *Дербешева З.К.* Язык и этнос / З.К. Дербешева. М.: ФЛИНТА.: Наука, 2017. 256 с.
5. *Самин Д.К.* Лингвистическая теория Гумбольдта // 100 великих научных открытий. М.: Вече, 2006. 480 с.
6. *Урманбетова Ж.К.* Номады и демократия? – Код кыргызов [Электронный ресурс] https://kgcode.akipress.org/unews/un_post:2121. (Дата обращения: 01.02.2018).
7. *Исаев К.* Улуттук кайнар духту кагазга ким түшүрөт? // К.Исаев // ЛОГОС / философиялык журнал, №1, 6–11 бет, Бишкек, 1998.
8. *Репина Л.П.* Исторические представления и культурное многообразие мира. Диалог со временем // Л.П. Репина // Альманах интеллектуальной истории. 2006. Вып. 16. 400 с.
9. *Леоненко Н.О.* Этнические особенности жизнестойкости киргизских студентов / Н.О. Леоненко, Н.А. Ахметова // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. 2013. Выпуск 1. С. 150–154.
10. *Кондаков И.В.* Менталитет – глубинная структура культуры // И.В. Кондаков. М.: Книжный дом Университет (КДУ), 1998. 360 с.